# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Таалайбек Узенович Музулмановдун жана Марсел Муктаралиевич

Тумоновдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 1-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, катчы К.А. Аблакимовдун катышуусунда Таалайбек Узенович Музулмановдун жана Марсел Муктаралиевич Тумоновдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 3-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Т.У. Музулмановдун жана М.М. Тумоновдун Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодексинин $85^1$-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 2-бөлүгүнө, 46-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылууда баяндалгандай, Үйбүлө кодекстин $85^1$-беренесинде алиментти төлөө жөнүндө макулдашуу болбосо, академиялык отпускада болгон мезгилди кошпогондо, алар окууну аяктаганга чейин сот уюштуруу-укуктук формасына карабастан, бардык типтеги жана түрдөгү билим берүү уюмдарында күндүзгү формада акы төлөөнүн негизинде окуп жаткан он сегизден жыйырма бир жашка чейинки курактагы жардамга муктаж болгон өз

балдарын багууга ата-энелерди милдеттендирүүгө укуктуу; билим берүү уюмдарынын күндүзгү формасында акы төлөө негизинде окуп жаткан он сегизден жыйырма бир жашка чейинки курактагы жардамга муктаж болгон балдарга алименттин өлчөмү сот тарабынан уюштуруу-укуктук формасына карабастан, бардык типтеги жана түрдөгү билим берүү уюмдарында окутууга төлөнүүчү нарктын элүү пайызынын өлчөмүндө аныкталат деп белгиленген.

Арызданууучулар Ош шаардык соту 2022-жылдын 28-апрелиндеги чечиминде талашылып жаткан ченемге таянуу менен Б.А. Кадиралиеванын Б.А. Кадиралиевге карата келтирилген доо арызын 2006-жылдын 31-мартында туулган алардын кызы О.Б. Кадиралиева он сегиз жашка толо электигине байланыштуу канааттандыруудан баш тартканын белгилешет. Бул жагдай Конституциянын 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацында белгиленген эч ким курагы боюнча басмырланышы мүмкүн эмес деген ченемге шайкеш келбейт.

Кайрылуучулардын пикири боюнча, Конституциянын 26-беренесинин 2-бөлүгүндө балдарга камкордук көрүү, аларды тарбиялоо – атасынын да, энесинин да бирдей укугу жана милдети деп каралган. Ушул конституциялык ченем ата-энелерди он сегиз жашка толо элек баланын камкордугун жана тарбиялоого катышуусун камсыз кылууну милдеттендирет.

Талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 24-беренесинин 1-пунктуна карама-каршы келет, ага ылайык ар бир бала эч кандай дискриминациялоосуз расасы, өңү, жынысы, тили, дини, улуттук же социалдык теги, мүлктүк абалы же төрөлүшү сыяктуу белгилерине карабастан өз үй-бүлөсү, коом жана мамлекет тарабынан анын кичинекей жаш абалы талап кылган бардык коргоо чараларына укугу бар.

Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей. Кайрылуунун авторлорунун пикири боюнча талашылып жаткан ченем бул принципти сот адилеттиги органдары аркылуу ишке ашырууга да мүмкүндүк бербейт.

Жогоруда аталган Эл аралык пактынын 14-беренесинин 1-пунктунда бардык адамдар соттор жана трибуналдар алдында бирдей экендиги аныкталган.

Арызданууучулар Конституциянын 46-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген ар бир адамдын билим алууга укугу анын жаш курагы менен чектелбейт, ошондуктан билим алууну каалаган, бирок курагы 18 жашка жете элек, өзгөчө аярлуу балдарды бул укуктан ажыратуу эч бир акылга сыйбай турган иш деп эсептешет.

Жогоруда баяндалганды эске алуу менен, арызданууучулар Үйбүлө кодекстин $85^1$-беренесинин конституциялуулугун текшерип берүүнү суранышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө маселеде белгилүү болгон аныксыздык ишти кароого негиз болуп саналат. Кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алуу үчүн милдеттүү шарт катары аныксыздыктын болушу талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасиринин конституциялык орнотмолор менен макулдашылгандыгында күмөндүн пайда болушун билдирет.

Судьялар коллегиясы Үйбүлө кодекстин 85-беренесине ылайык ата-эне өздөрүнүн жашы жетпеген балдарын багууга милдеттүү экендигин жана өздөрүнүн жашы жетпеген балдарын багуу тууралуу белгиленген Кодекстин 17-главасына ылайык макулдашуу (алимент төлөө тууралуу макулдашуу) түзүүгө укуктуу экендигин белгилейт. Эгерде ата-энеси (экөөнүн бири) өздөрүнүн жашы жетпеген балдарын багууга каражат бербеген учурда, аларды

багуу үчүн каражат (алимент) баланын атынан, ата-энесинин биринен сотко берилген доонун, же болбосо алардын ата-энесинен (экөөнүн биринен) жашы жетпеген балдарына алимент өндүрүп алуу тууралуу доо коюу укугу берилген балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн доосунун негизинде ата-энелеринен (экөөнүн биринен) сот тартибинде өндүрүп алынат.

Ошону менен бирге, Үйбүлө кодекстин 59-беренесинин 1-бөлүгүндө он сегиз жашка жетпеген (бойго жете элек) адам бала деп таанылат. Жашы жеткенге чейин жашы жетпеген балдарды багуу боюнча ата-энелердин милдеттери Үйбүлө кодекстин 85-беренесинде каралган.

Ошентип, талашылып жаткан ченем укуктук аныксыздыкты камтыган ченем катары каралышы мүмкүн эмес, демек, судьялар коллегиясы бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздерди тапкан жок.

"Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Таалайбек Узенович Музулмановдун жана Марсел Муктаралиевич Тумоновдун Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодексинин $85^1$-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн

экинчи абзацына, 2-бөлүгүнө, 46-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерип берүү жөнүндө өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арызданууучуларга кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна үч айдын ичинде даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: _________________ Ж.А. Шаршеналиев

_________________ М.Ш. Касымалиев

_________________ К.Дж. Кыдырбаев

№_____